# ҮЙ-БҮЛӨДӨГҮ ПИКИР КЕЛИШПЕСТИК

***Ислам укугунун жогорку максаттары аркылуу адамдын кадыр-баркын калыбына келтирүү***

**АБДУЛХАМИД АБУ СУЛАЙМАН**

АТАЙЫН ЧЫГАРЫЛЫШТЫН 11-СЕРИЯСЫ

АТАИЫН ЧЫГАРЫЛЫШТЫН 11-СЕРИЯСЫ

# ҮЙ-БҮЛӨДӨГҮ ПИКИР КЕЛИШПЕСТИК

*Ислам укугунун жогорку максаттары аркылуу адамдын кадыр-баркын калыбына келтирүү*

АБДУЛХАМИД АБУ СУЛАЙМАН

Ислам ойлору Эл аралык институту (IIIT)

*Бишкек 2022*

УДК 297
ББК 86.38-62
А-13

Автору: Абдулхамид Абу Сулайман
Которгон: Ибраев Канат – Б.: 2022.
Китептин редактору: Муратбекова Бермет

Бул китеп жалпы окурмандарга, ислам динине кызыккандарга, ислам динин изилдегендерге өтө пайдалуу. Бул китеп исламга болгон жаңы көз карашты сунуштайт. Мусулмандарды калыптанып калган эски көрүнүштөрдөн арылтып, чыныгы ийгиликке жеткире турган жолдору чагылдырылат.

Китеп «Ихсан Хайрия» коомдук фонду тарабынан бастырылган

**Бул китеп Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгы тарабынан тастыкталган. №08 «25»__01__2022-ж**

**Үй-бүлөдөгү пикир келишпестик: ислам укугунун жогорку максаттары аркылуу адамдын кадыр-баркын калыбына келтирүү (Kyrgyz)**
*Абдулхамид Абу Сулайман*
*Атайын чыгарылыштын 11-сериясы*

© Ислам ойлору Эл аралык институту (IIIT)
1443 AH / 2022 CE

**Marital Discord: Recapturing Human Dignity**
**Through the Higher Objectives of Islamic Law (Kyrgyz)**
*AbdulHamid A. AbuSulayman*
*Occasional Paper Series 11*

© The International Institute of Islamic Thought (IIIT)
1423 AH / 2003 CE
ISBN 978–1–56564–446–5
IIIT
P.O.Box 669
Herndon, VA 20172, USA
www.iiit.org

Бардык укуктар корголгон
ISBN 978-9967-9344-1-2

УДК 297
ББК 86.38-62

# ЭКИНЧИ ЧЫГАРЫЛЫШКА КИРИШ СӨЗ

ИСЛАМ ОЙЛОРУ ЭЛ АРАЛЫК ИНСТИТУТУ (ИОЭИ) доктор Абдулхамид Абу Сулаймандын «*Үй-бүлөдөгү пикир келишпестик: ислам укугунун жогорку максаттары аркылуу адамдын кадыр-баркын калыбына келтирүү*» аттуу байма-бай чыккан №11 чыгарылышынын жаңы басылышын тартуулайт. Алгачкы жолу 2003-жылы жарык көргөн бул эмгек кылдаттык менен кайра каралып чыккан, андан соң анын котормосундагы көп маанилүүлүк жок кылынган жана маанисинин тактыгы жакшыртылган.

Автор аялдардын ордун жана деңгээлин терең сый урмат менен эске алып, кылдаттык менен карала турган үй-бүлөдөгү пикир келишпестик жана аялдарды «жазалоо» (*дарб*) сыяктуу маселелерди изилдеген. Андан кийин ал күйөөсүнүн «баш ийбеген» аялына физикалык тарбия берүү укугунан башка Курандын 4:34 аятынын маанилүү чечмелөөлөрүнө басымдуулук кылган *идрибухунна* боюнча талаш-тартыштын учурдагы жана тарыхый туура эмес түшүнүктөрүнө шек келтирет.

*Макасид аш-Шари'а* (ислам мыйзамынын жогорку ниеттери менен максаттары) философиясында камтылган принциптерди колдонуу аркылуу автор бул татаал жана сезимтал теманын айырмачылыктарын (нюанстарын) теорияга айлантып, адамдын бакубатчылыгын, кадыр-баркын, урмат-сыйын ишке ашырууга басым жасаган *дараба* этишинин чечмеленишинен жыйынтык чыгарат. Автор Курандагы башка мазмундарда, пайгамбардын (с.а.в.)* иш-жүзүндө көргөзгөндөрүндө жана Курандын маңызында бир эле этиштин ар кандай колдонулушун далил катары келтирет.

*Дараба* этишинин изилдениши маанилүү. Араб тилинин табияты араб сөздүгүндө көрүнүп тургандай, ар бир этиш этиштин уңгусуна тигил же бул жол менен байланышкан көптөгөн маанилерди камтыйт. Мисалы, жүрүм-турумду түшүндүргөн *дараба* этиши, автор көрсөткөндөй, көптөгөн ар кандай маанилерге ээ. Бул маанилер аяттардын мазмуну менен жагдайына жараша өзгөрүп турат. Ислам дининин никедеги мээримдүүлүк жана сүйүү

* (С.А.В.) – *Саллаллаху алейхи ва саллам*: Аллахтын ырайымы жана саламы ага болсун! Мухаммед пайгамбардын ысмы аталган сайын айтылуучу сөз.

сыяктуу жогорку принциптери менен максаттарын (*макасид*) эске алып, *да ра ба* этишинин уңгусун уруу, чабуу же кандайдыр бир «жаман мамиле кылуу» маанисинде колдонуу – аяттын чыныгы маанисинен чыгып, аны туура эмес колдонуу деп автор түшүндүрөт. Ислам дининде эч кандай физикалык зомбулук, орой сөздөр же оозеки жаман сөздөр менен ашатуу сыяктуу нерселерге жол берилбейт.

Доктор Абу Сулайман үй-бүлөдөгү зомбулук жана эркектердин жалпы кордук көргөзүүсү Куран таалимдерине же Мухаммед пайгамбардын (с.а.в.) иш-аракеттерине эч кандай тиешеси жок деп дайыма айтып, үй-бүлө биримдигинин жана адамдардын ортосундагы мамилелердин сакталышына өзгөчө көңүл бурат, айрыкча ал мамилелерде балдар да аралашкан болсо. Жубайлардын ортосундагы зордук-зомбулуктун балдарга тийгизген терс таасири азыркы учурда кеңири документтештирилген жана иш-аракеттер үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрү үчүн адамдык кадыр-баркка ээ болгон чыныгы исламдык рухту жүзөгө ашыруу үчүн багытталышы керек деген аргументти колдойт. Бул Курандын көптөгөн аяттарында жана автор талкуулагандай, пайгамбарыбыздын (с.а.в.) өзүнүн иш-аракеттеринде, аялдарына болгон мамилесинде баса белгиленген.

Айта кетчү нерсе, Курандын 4:34 аятында никедеги гармонияны сактоо жана ортодогу келишпестиктерди чечүү милдети эркек кишинин мойнуна жүктөлөт. Бул нерсенин себеби, балким, баштапкы саптар эркектерди *каууаамуун* деп сүрөттөгөнү үчүндүр. Автор талкуу кылган бул сөз *ка уа ма* уңгусунан алынып, англис тилине «кам көрүү», «жоопкерчилик жана колдоо», «коргоо», «авторитет» жана «жooптуу болуу» деп ар кандай которулган. Аятта эркектер кандай контекстте жайгаштырылгандыгын эске алганда, анда аларга гармонияны сактап туруу иши туура келери белгилүү болот. Бирок, никедеги көйгөйлөрдү аялдар гана чечет же эркектер гана чечет деп айтууга болбойт. Чындыгында, 4:34 аятын 4:128 аяты менен бирге окуу керек, анткени ошол эле бөлүмдө, күйөөнүн катаал мамилесине карата кандай мамиле кылуу керектиги жөнүндө айтылат.

> Эгерде аял күйөөсү тараптан кордук көрүшүнөн же ал андан баш тартып кетишинен корксо, анда алардын өз ара макулдашуу түзүүлөрүндө күнөө жок. Албетте, тынчтык келишими – жакшы, менменсинүү болсо ар дайым адамдын жан-дүйнөсүндө. Эгер силер жакшы иш кылсаңар, такыба болсоңор, анда албетте, Кудай силердин эмне кылып жатканыңардан кабардар. (4:128)

Мындан тышкары, эки аятта тең (4:34; 4:128) орун алган жана эки тараптын, күйөөсү же аялы, жасаган кыянаттык / катаал мамилесин билдирген *нушууз* этиши тууралуу доктор Абу Сулаймандын эмгегинде айтылбай калган эмес. Мисалы, бул сөз аялдарга тиешелүү болгондо «тил албастык / козголоң» деп которулат. Ал эми эркектерге байланыштуу колдонулганда «жат жашоо», «качуу», «жек көрүү», «жаман көрүү» деп жумшагыраак маанини билдирет. Мухаммад Асад 3:34 аятындагы бул этиш боюнча төмөндө көрсөтүлгөндөй кызыктуу байкоо жүргүзгөн:

> *Нушууз* термини (сөзмө-сөз «козголоң, көтөрүлүш» – бул жакта «жаман ниет» деп которулган) аялдын күйөөсүнө же күйөөсүнүн аялына карата атайылап жасаган жаман жүрүм-турумун, анын ичинде азыркы учурдагы «акыл-эстин катаалдыгын»; ошондой эле, бул нерсе күйөөсүнүн аялына физикалык жактан «орой мамиле кылуусун» дагы билдирет (ушул *сүрөнүн* 128-аяты). Бул мазмунда аялдын жаман оюн (ниет), өзүнүн үй-бүлөлүк милдеттенмелерин атайылап бузгандыгын билдирет. (Мухаммад Асад, *Курандын Кабары* (Гибралтар: Дар аль-Андалус, 1980), 109 б., fn.44).

Жыйынтыктап айтканда, биз Куран аяттарын чечмелөөгө жана которууга таасирин тийгизген маданий тажрыйбалардан жана бир жактуулуктан ар дайым кабардар болушубуз керек.

Доктор Абу Сулаймандын эмгеги – Курандын ар башка диний аятын түшүнүүгө жана чечмелөөгө негизделген маалыматтык мамиленин жана методологиянын эң сонун мисалы. Ал ислам мыйзамына тиешелүү анын жогорку максаттарын баса белгилөө менен урмат-сыйды, кадыр-баркты, бакубатчылыкты сактоого негизделген жыйынтыкты чыгаруу үчүн *макасиддин* каражаттарын колдонгон.

*Макасид аш-Шари'а* темасында англис тилиндеги бир нече эмгек жеткиликтүү болгондуктан, ИЭОИ *аль-макасид* боюнча бир катар китептерди басып чыгарууну жана которууну демилгелеп, англис тилдүү окурмандарга ой жүгүртүүнүн ушул маанилүү тармагын тааныштыруу менен чогуу, бул боштондукту толтурууну эп көргөн. Бүгүнкү күндө аларга *Макасид аш-Шари'а жөнүндө Ибн Ашурдун трактаты, Имам аш-Шатибинин* «*Ахмад ар-Райсунинин ислам укугунун жогорку максаттары жана көздөгөнү боюнча теориясы*», Жамал Альдин Аттиянын «*Ислам укугунун жогорку максаттарын ишке ашыруу багытына карай: Макасид аш-Шари'анын функционалдык ыкмасы*» жана Жассер Ауданын «*Макасид аш-Шари'а ислам укугунун философиясы катары: системалык ыкма*» сыяктуу эмгектер кирет.

Тема оор жана интеллектуалдык жактан татаал болгондуктан, көпчүлүк китептер негизинен адистерге, окумуштууларга жана интеллектуалдарга гана арналгандыктан, жалпы окурмандарды жеңил, жеткиликтүү материал менен камсыз кылуу максатында ИОЭИ Лондон офиси бул темага байланыштуу жөнөкөй тааныштыруучу колдонмолорду чыгарат. Алардын катарын төмөндөгү эмгектер толуктайт: Мухаммад Хашим Камалинин «*Жөнөкөйлөштүрүлгөн Макасид аш-Шари'а*», Мухаммад Умэр Чапранын «*Макасид аш-Шари'анын ислам көз карашындагы өнүгүүсү*», Жассер Ауданын «*Жаңы үйрөнүп баштагандар үчүн колдонмосу*».

АНАС С. АЛЬ-ШЕЙХ АЛИ

ШИРАЗ ХАН

*Октябрь, 2008*

# БИРИНЧИ БАСЫЛЫШКА КИРИШ СӨЗ

Исламда үй-бүлө тынчтыктын жана бейпилдиктин мекени болушу керек. Куранда бири-бири менен боорукердиктин негизинде жашоо, аял менен күйөөнүн ортосунда өз ара кеңешүү, ошондой эле, Кудай биздин жүрөгүбүзгө салган сүйүү жана мээрим жөнүндө айтылат. Ар кандай кырдаалдарга, ошондой эле, бардык доорлорго арналган Куран – күйөөлөр менен аялдардын ортосундагы жакшы мамилелерди гана эмес, мамилелердин бузулган учурларын дагы камтыйт. Мүмкүн болушунча үй-бүлөнү сактап калуу жана үй-бүлөлүк келишпестик мезгилинде дагы адамдардын бири-бирине жылуу мамиледе болушун баса белгилөө үчүн, Куран күйөөсү же жубайы сөзгө келбей турганда, аял менен эркек чара көрө турган ар кандай стратегияларды сунуш кылат. Күйөөлөргө арналган аяттардын бири – 4:34 (бул аятта сөзгө келбеген аял менен мамиле кылууда, күйөөсү кармана турган тартип берилген), бул Батышта, ошондой эле, кээ бир мусулман чөйрөлөрүндө күйөөлөргө аялдарын токмоктоо үчүн уруксат берет деген божомол катары орноп калганга жетишкен.

Батыштагы көптөгөн мусулман эместер, ошондой эле, дүйнө жүзүндөгү көптөгөн мусулмандар, тилекке каршы, бул аятты «үй-бүлөлүк зомбулук» термини менен түшүндүрүп, аялына карата зомбулукка жол берет деп табышат, б.а., жубайлардын бири экинчисине физикалык же оозеки түрдө зомбулук көрсөтүүсү. «*Үй-бүлөдөгү пикир келишпестик: ислам укугунун жогорку максаттары аркылуу адамдын кадыр-баркын калыбына келтирүү*» аттуу китебинде, белгилүү аалым доктор Абу Сулайман Куранды туура эмес түшүнүүнү токтотууга бел байлайт. Бул эмгек адамдын кадыр-баркы болгон ислам дининин көз карашына негизделген ушул маанилүү аятты кайрадан окуп чыгуу болуп саналат.

Доктор Абу Сулайман балалыкка байланыштуу изилдөөлөрүнөн кийин үй-бүлөдөгү сыноолор адеп-ахлактык мүнөзүбүздү өрчүтө турган нерсе экендигин билген. Ал үммөттүн учурдагы депрессия жана келишпестик абалынан оптимизмге жана биримдикке карай багыт алышы, мусулман үй-бүлөлөрүндө чындап «бейпилдик, боорукердик жана күйүмдүүлүк» орногон-

до гана пайда болот деген ишенимге келген. Албетте, бул иште аял-күйөө мамилеси маанилүү.

Доктор Абу Сулаймандын методологиясы – бул көйгөйдүн мүнөзүн иликтөөнү, контекстти изилдөөнү жана Кудайдын Вахийинин, ошондой эле, Мухаммед пайгамбардын (с.а.в.) сүннөтүнүн максаттарына негизделген объективдүү түшүнүккө жетүүнү билдирет. Ал үй-бүлөлүк келишпестик маселесине аялдардын көз карашын терең түшүнүү менен карайт, мындай мамиле жаңылануунун жышааны, анткени мурдагы аялдар жөнүндө эркектер жазган чыгармаларда мындай нерсе көп кездешпейт.

Доктор Абу Сулаймандын маанилүү көйгөйгө арналган эмгегине кириш сөз жазганыма сыймыктанам. Куран окуунун ар кандай жолдору бар, аялдарды жек көрүүдөн баштап эмансипациялыкка (боштондукка чыгаруу) чейин. Бул эмгек Куран текстинин альтернативдүү чечмелөөсүн киргизүү менен талкууну алдыга жылдырат. Анын түшүндүрмөсү жаңы жана аялдардын укуктарын жактайт.

Доктор Абу Сулаймандын тыянактарына бардык эле мусулмандар макул боло бербейт. Доктор Абу Сулайман белгилегендей, салттуу билдирүүлөргө ылайык, Куран үй-бүлөдөгү зомбулукту жактабайт (кечирбейт). Ошондуктан, доктор Абу Сулаймандын күйөөлөр менен аялдарды үй-бүлөлүк келишпестиктерге боорукердик (күйүмдүүлүк) менен каршы турууга үндөгөнүнө эч ким каршы чыга албайт. Адамдын кадыр-баркы, боорукерлиги, толеранттуулугу жана адам жашоосунун ыйыктыгы менен кадыр-баркы болгон Куран баалуулуктарына негизделген, исламий үй-бүлө үчүн мактоого татыктуу максатын эч ким тана албайт.

Мен доктор Абу Сулаймандын жазган эмгегине толугу менен берилип кеттим жана башка окурмандар дагы ошондой болушат деп ишенем. Мен бул эмгекти исламдагы жубайлардын мамилеси боюнча Курандын окутууларын үйрөнүүнү каалагандарга сунуштайм.

КЭТРИН БУЛЛОК

# ҮЙ-БҮЛӨДӨГҮ ПИКИР КЕЛИШПЕСТИК

## *Ислам укугунун жогорку максаттары аркылуу адамдын кадыр-баркын калыбына келтирүү*

Өнүккөн дүйнөнүн укмуштуу жетишкендиктерине салыштырмалуу үммөттүн төмөндөшү, анын маданий жана интеллектуалдык негизине жана жашоосуна кеңири кол салуулар, мусулман элдеринин арасындагы адам укуктарынын кескин начарлашы, ошондой эле, мусулман аялдарынын көпчүлүккө маалым болгон оор абалы исламдын жана адам укуктарынын жактоочулары үчүн кыйынчылыктарды жараткан жана алар бул көйгөйлөрдү жеңүү үчүн көп күч-аракеттерди жумшап жатышат.

Адам укуктарын жактоочуларга байланыштуу маанилүү жана кылдат карала турган маселе – бул аялдарды «жазалоо» жөнүндөгү татаал жана оор маселе, б.а., күйөөсүнүн аялдардын «баш ийбөөсү менен» келип чыккан көйгөйдү чечүү үчүн жана оңунан чыкпай калган никеден пайда болгон наарazычылык менен мамиленин үзүлүшүн алдын алуу максатында аялдарды «жазалоосу». Бирок иш жүзүндө «жазалоо» маселесин эркектер көп түшүнбөй кыянат мамиле кылышкан. Ошондой эле, алар аялдардын укуктарына көңүл бурушкан эмес, айрыкча, исламдагы аялдардын абалы жана аларга карата мамиле тууралуу кайдыгер болушкан. Ошондуктан, исламдагы адам укуктарынын жактоочулары аялдарга карата кысым көрсөтүүнүн бардык түрлөрүн алып салуу максатында аялдарга диндин атынан адилетсиз мамиле жасоонун бардык мүмкүнчүлүктөрүн четке каккан резолюцияны иштеп чыгуу үчүн тынымсыз эмгектенип жатышат.

Тарыхта жана ар кандай маданияттарда аялдар ар дайым коомдун аярлуу катмарынын катарында болгондуктарынан жапа чегип келишкен. Алардын социалдык, ошондой эле, экономикалык абалы менен чогуу алардын укуктарына жана коомдо ээлеген ордуларына коркунуч туудурган бир канча маанилүү факторлор болгон жана болуп келген. Мындай жагдай аларды эркектердин көзөмөлдөөсүнө түрткөн. Бул нерселердин себептерине алардын салыштырмалуу физикалык алсыздыгы, эмоционалдык, ошон-

дой эле, балдарына физикалык жакындыгы, жакырчылык, сабатсыздык жана көбүнчө өздөрүнүн өнүгүүсүнүн жоктугу кирет. Булардын бардыгы аялдарга таасирин тийгизет, ушул себептен, көптөгөн маданияттарда жана жерлерде алардын укуктарынын тепселенишинен улам, биз Жараткандын жогорку максаттарын (*Макасид аш-Шари'а*) түшүнүү менен «жазалоо» темасын кылдат жана терең изилдешибиз керек.

Мен ар дайым «жазалоо» маселесин курчап турган жана анын жалпы түшүнүгүн калыптандырган кыйынчылыктардан кабардар болуп келгем. Жеке мен үчүн анын заманбап багытка болгон ылайыктуулугу, анын колдонулушунун жөнөкөй себептери, ошондой эле, үй-бүлөнүн жыргалчылыгы жана түзүмү үчүн кеңири таасири өзгөчө маанилүү. Мындай баамдоо жана кызыгуу, өз кезегинде, менин жаш кезимдеги тажрыйбамдан, терең ишенимимден жана сынчыл ойдун чындыгына ишенген ой жүгүртүүмдөн улам пайда болгон. АКШдагы бүтүрүүчү студент кезимде, ошол эле учурда, социалдык оң өзгөрүүлөрдүн жактоочусу жана педагог катары карьерамдын башындагы кээ бир учурларда исламга байланыштуу ар кандай кыйынчылыктарга, карама-каршылыктарга, же тагыраак айтканда «көйгөйлөргө» туш болчумун жана интеллектуалдык, методологиялык ой жүгүртүү аркылуу мен ар дайым аларга карата жетишерлик рационалдуу жана ишенимдүү жооп тапканга жөндөмдүү элем. Бул көбүнчө Жараткандан Мухаммед пайгамбарга (с.а.в.) түшүрүлгөн акыйкат чындык экендигине жана бул бүткүл адамзат үчүн талашсыз жетекчилик болгонуна (бала кезден бери) бекем ишенимдин натыйжасы эле. Бул менин ичимде ой жүгүртүүдө рационалдуу жана методологиялык мамилени даңазалаган көз карашты иштеп чыкты. Бул нерсе мага көп жылдар бою жакшы жардам берди. Ошентип, көп учурда күмөн саноолор менен эмес, татаал же башка көйгөйлөр менен чабуул жасалган учурда, алардын ой жүгүртүүлөрүнүн аныктыгынан эч коркпостон, мен аларды ар дайым жүйөлүү жана акылдуу жол менен чечкенге жарайт элем.

Объективдүү (калыс) ой жүгүртүү тактык, чыдамдуулук жана изилдөөнү, көз карашты, ой жүгүртүүнү талап кылган көйгөйлөрдү чечүүдөгү туруктуулук менен сүрөттөлөт. Албетте, күмөн саноолор менен көйгөйлөрдүн так айырмасы бар. Күмөн саноолор тоскоолдуктарды, нааразычылыктарды, ошондой эле, көңүл

чөгөрүүлөрдү туудурат, ал эми көйгөйлөр түрткү болуп, аракетке жана тырышчаактыкка шыктандырат.[1] Мисалы, исламга байланыштуу ар кандай талаш-тартыштарга күмөн саноонун (коркунучтун) булагы эмес, чечилиши керек болгон баш катырма катары мамиле жасайм. Бул чыныгы ислам эпистемологиясын (философиялык жана методологиялык окуу) колдонуу мүмкүнчүлүгүн тартуулайт. Бул анын маанилүүлүгүн жана анын жогорку максаттарын, көздөгөндөрүн (*Макасид аш-Шари'а*) түшүнүү үчүн ой-жүгүртүү принциптерин колдонуп, Кудай түшүргөн ыйык жазма менен аалам окуусун (чыныгы экзистенциализм) толук айкалыштырат. Кандайдыр бир көйгөйгө туш болгондо, мен биринчи кезекте ал нерсенин табиятын изилдейм, анын тек-жайын аныктайм, маанилүү факторлорду бөлүп көрсөтөм, убакыт жана мейкиндик боюнча жайгаштырам, иштин жалпы абалын, жагдайларды, контексттерди, ченемдерди жана позицияларды, ошондой эле, алардын талаш-тартыштарын башкаруучу майда-чүйдөлөрүн карап чыгам. Исламга байланыштуу эгер кимдир бирөө тексттерди изилдөөдөн баштаса, анда ал көбүрөөк салттык (окууга) жакын болушу мүмкүн. Мусулман дүйнөсүндө «ыйык зоналар» деп аталып калган нерселерди сокур кармануу жана ал нерсени талкуулагандан коркуу маданияты орноп калган. Мындан тышкары коомдук илимдерди билбестик – нерселерди толук көрө билүүнү жана түшүнүүнү жаап койгон. Ошентсе да, бул ыкма менин ойлонуп кабыл алуум үчүн эч качан тоскоол болгон эмес жана шарият менен адамдын кадыр-баркына тиешелүү бийик стандарттарга, рационалдуу принциптерге чыккынчылык кылбаган ишенимдин орношунан башка төмөн натыйжага алып келген эмес.[2]

Жыйынтыктап айтканда, ушул факторлорду эске алып, өмүрүмдүн жана карьерамдын узак жана түйшүктүү мезгилинен кийин, аялдарды «жазалоо» темасын изилдөөгө кайрылдым. Бул, албетте, заманбап коомдун акыйкатын эске алуу менен ислам контекстинин ичинде ар тараптуу карап чыгууну жана кылдаттык менен текшерүүнү талап кылган, маанилүү маселе.

Маселеге терең токтолуудан мурун, мен балдардын билиминин маанилүүлүгүнө жана туруктуу үй-бүлө түзүмүнүн зарылдыгына бир аз токтолгум келет. Социалдык-экономикалык-саясий турмушунда гана эмес, билим берүү тутумдарында да мусулмандардын узак жана туруктуу төмөндөөгө дуушар болушкандыгы

жана кыйналгандыгы талашсыз. Бул абалды өзгөртүү аракеттери натыйжа берген жок. Өзүнүн «*Ихья улум ад-Диин*» (Дин илиминин жанданышы) жана «*Тахаатуф аль-Фалаасифа*» (Философтордун төмөндөшү) сыяктуу монументалдык чыгармаларында реформага чакырган имам Абу Хамид аль-Газалиден (өлг. жылы 505 х.ж.с. / 1111) бери акыркы миң жылдыктагы исламды жандантууга болгон көптөгөн ырааттуу аракеттерге карабастан, исламдын кайра жаралуусунун ишке ашпай калышынын себептерин изилдөөгө аракет кылдым. Ошондуктан, мен исламий ой жүгүртүүдө балалык темасы жана анын цивилизацияга кошкон салымы боюнча изилдөөлөргө өзгөчө көңүл бурдум. Анткени, бул исламий өзгөчөлүктүн руханий жана гносеологиялык аспектилерин өзгөртүүдө ажырагыс негиз түзсө дагы, буга академиялык изилдөөлөрдө көңүл бурулбай келген. Үммөт кыйынчылыктардын алдында турган учурда мындай калыбына келтирүү (жандануу) аракети өтө маанилүү.

Балалык темасына болгон мындай басым мени үй-бүлөнүн ролун – балдардын инсандыгын критикалык жактан калыптандыруучу жана алардын адеп-ахлагы менен мүнөзүн өстүрүүчү эң маанилүү чөйрө катары – аны баса белгилегенге түрттү. Ошентип, үй-бүлө кайра курууну (жандануну) жүзөгө ашыра турган каражат боло алат. Бул процесс ата-энелердин түшүнүгүнө жана ишенимине жараша, балдарына жакшы нерсени гана издеген тубаса умтулууга таянат. Албетте, бүгүнкү күндө мурунку кулчулукка жана акыл-эс жагынан жеңилүүгө дуушар болгон адамдарды алмаштырчу жаңы, эркин жана кайраттуу муунду тарбиялай турган көз-карандысыз же обочолонгон чөйрөнү сунуш кылууга аракет кыла албайбыз. Тарыхый мисал катары Мусанын өз элин Мисирден алып чыгып кеткенин жана андан кийин алардын кырк жыл бою чөлдө жүрүшкөнүн алсак болот. Ошол мезгилде Фараондун зулумдугу астында кул болушкан жана ой жүгүртүүлөрү, мамилелери кулчулук абалында калыптанган адамдардын ордуна эркин, эр жүрөк жана кайраттуу жаңы муун төрөлгөн. Жаңы муундун мамилеси жана менталитети Куранда мындай деп айтылат:

> Бирок алардын Роббисинин алдына чакырыларына ишенгендер: «Канча чакан топ Кудайдын каалоосу менен күчтүү аскерлерди жеңип чыгышкан! Аллах сабырдуулар менен бирге», – дешкен. Алар Голиаф (Жаалут) жана анын аскерлери менен бетме-бет

> кездешкен кезде, мындай дуба кылышты: «Роббибиз! Бизге сабырдуулук бер жана каапырлардын үстүнөн жеңишке жетүүгө жардам бер». Ошентип, алар Алланын жардамы менен душмандарды талкалашты, Даут Голиафты (Жалутту) өлтүрдү. Аллах ага (Даудга) падышачылыкты, акылмандыкты берди жана ал Кудай каалаган нерселерден үйрөндү. Эгер Аллах адамдардын бир тобун экинчиси аркылуу кармабаса, анда жер бузукулукка толуп кетмек. Бирок Аллах бардык макулуктарга бирдей берешен. (2:249 – 251)

Үй-бүлөнүн билим берүүдөгү ролуна басым жасоо сөзсүз түрдө үй-бүлөнүн түзүмүн, анын балдардын өсүшүндө, алардын руханий, психологиялык, моралдык жактан, ошондой эле, эпистемологиялык (тааным) тажрыйбасынын өнүгүшүндө ролун түзгөн бардык мамилелерди жана өлчөмдөрдү изилдеп, карап чыгууга алып келет. Ошентип, мен аял-эркек мамилесине (жана башка ушул маселеге тиешеси барларга) гана эмес, жалпы эле үй-бүлөлүк жашоого таасирин тийгизген аялдарды «жазалоо» маселесине туш болдум.

## МЕТОДОЛОГИЯ: МАКАСИД ЫКМАСЫ

Жогоруда айтылгандай, мен бул теманын жүрүшүндө «жазалоо» маселесине тиешелүү ар кандай аспектилерди, жагдайларды жана факторлорду, ошондой эле, анын жалпы өлчөмдөрүн изилдөөнү камтыган ар тараптуу изилдөө ыкмаларын колдондум. Мындан тышкары, талкуу жана талдоо үчүн *макасидди* «фундаменталдык методология» катары колдондум. Акырында, мен бардык тийиштүү маселелер өз контекстинде жайгашкан методологиялык тармакты (дисциплина) түзүп, белгиленген принципти же жалпы максатты (*макасид*) жокко чыгарып коё турган бир тараптуулуктун бүтүндөй орун алышына же жагдайга жараша үстөмдүү болушуна жол бербедим. Даңазалуу Ыйык Китептин көрсөтмөлөрү, ааламдын мыйзам ченемдүүлүктөрү жана убакыт менен мейкиндиктеги адамзат тажрыйбасынын үлгүлөрү ортосундагы эпистемологиялык (таануу) интеграцияны акылга сыярлык негизде жүргүзүү маанилүү.

Демек, ушул теманы талкуулоодо адамдын кадыр-баркынан, эркиндигинен, жоопкерчилигинен, адамдын «Жараткандын орун басары» статусунан жана өз тагдырын өзү аныктоо укугу тууралуу терең тамырлашкан исламий принциптерден баштоо керек. Албетте, негизги принциптерге дал келбеген мамилелердин ар кандай тутуму (система) исламдын негизги максаттарын билдирбейт жана ал негизги адам укуктары менен милдеттемелерине карама-каршы келген кемчиликтерди аныктоо үчүн кылдаттык менен изилдениши керек. Мындан тышкары, исламда үй-бүлөлүк мамилелердин пайдубалын бузууга эч кандай жол берилбеши керек, бул негизинен «тынчтык, махабат жана боорукердик» түшүнүктөрүнө негизделет. Ушул түшүнүктөргө каршы согушкан ар кандай жат системалардын кемчиликтерин табуу үчүн, аларды толук кароодон (изилдөө) өткөрүү керек.

Жалпы методологиялык көз караш катары, акыры ислам билдирүүсү адамзаттын кызыкчылыгына кызмат кылып, убакыт жана мейкиндик ичинде акыркы бара турган жер үчүн жетекчилик менен багытты камсыздайт деп макулдашылды. Ошол билдирүүнүн (кабардын) максаттарына жетүүгө умтулууда, убакыт жана мейкиндик факторлору жана шарттары маанилүү ролду ойнойт жана бул нерсе кабыл кылынып, ислам доктринасын микро деңгээлде колдонууда эске алынышы керек. Сүннөттөгү (пайгамбар (с.а.в.) көргөзүп кеткен багыт) ар кандай системаларды, исламдык юриспруденциянын топтолгон жана көлөмдүү мурасын изилдөөдө ушул факторлор менен шарттар ар дайым каралып, аныкталып турушу керек. Биз белгилүү бир кырдаалдарга, каада-салттарга, үрп-адаттарга жана ресурстарга жараша белгилүү бир мезгилде жана белгилүү бир жерде белгилүү бир жамаатты жетектөөгө жана уюштурууга багытталган мындай тутумдардын (система) өзгөчөлүктөрүн билишибиз абзел. Мындай шарттарды чындап кабыл албай туруп, алардын белгилүү бир тутумдарынын маанилүүлүгүн баалабастан, ислам укугунун жогорку максаттарына жана көздөгөндөрүнө багытталган *макасид* ыкмасын четке кагуу менен, биз туура эмес абстракциялар жана кеңейтүүлөргө негизделген кемчиликтүү жыйынтыкты чыгарышыбыз мүмкүн же ар кандай мезгилдерге жана жерлерге таандык айрым ыкмаларды туурап (ээрчип) кетишибиз ыктымал.

Курандагы милдеттенмелердин жана тыйуулардын кабыл алынышы, кабардын ар кандай кырдаалга, мезгилге жана жерге ылайыкташтырылышы жана ислам юриспруденциясындагы ыкмалардын көптүгү – мунун бардыгы коомдук-укуктук ченөлчөмдөрдүн (тармак) ислам салты менен тажрыйбасында терең тамырлашкандыгын далилдейт. Ушул принципти кармануу менен юридикалык мектептердин негиздөөчүлөрүнүн жана окумуштууларынын ой-пикирлери (*фатаава*) жана жарлыктары (*ахкаам*) үй-бүлөлүк маселелер боюнча үрп-адаттардын, каада-салттардын жана ресурстардын айырмачылыгынан улам бир ойго келе алышпайт. Мындай айырмачылыктар бир эле мезгилде, бирок эки башка чөйрөдө болушу мүмкүн.

Мисалы, борбору Арабия болгон уруулук каада-салтына жана кландык сезимдерге негизделген Маликий *мазхабы* (юридикалык мектеп), өнүккөн индивидуализмди жараткан, байыркы цивилизациялардын мекени болгон Месопотамияда борборлошкон жана маданияты коомдук мамилелерде, ошондой эле, ресурстарда калыптанган Ирактагы Ханафий *мазхабдан* айырмаланат. Мындай маданий жана социалдык айырмачылыктар ар бир *мазхабдын* нике келишиминин шарттарын, ошондой эле, анын талаптары менен камкордугу сыяктуу өбөлгөлөрдүн тандоосунда байкалат.

Мындан тышкары, убакыт жана жерге байланыштуу юридикалык пикирлердеги, токтомдордогу айырмачылыктар бир *мазхабдан* экинчи мазхабга тиешелүү гана эмес, ошол эле бир *мазхабдын* ичинде да болот. Иракта алдыңкы *мазхабдын* негиздөөчүсү болгон улуу укук таануучу Имам Мухаммад ибн Идриис аш-Шаафи (өлг. жылы 204 х.ж.с.) Ирактан чыгып Мисирге көчкөндөн кийин ал жердеги (өкүм сүргөн) социалдык жана маданий айырмачылыктардан улам өзүнүн фикх чечимдерине чоң өзгөртүүлөрдү киргизген. Дагы бир жолу, кээ бир Куран аяттарын кабыл алуу жана чечмелөө мезгилге, жайгашкан жерге, адамдардын илим деңгээлине жараша ар башка болушу мүмкүн жана бул нерсе илимпоздорго мурда билинбеген жана ойлонулбаган жаңы маанилерди түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет. Бул, өз кезегинде, жетекчилиги убакыт менен жерди ашкан Даңазалуу Ыйык Китептин тендешсиздигине жана кереметтүү касиетине кошумча далил.[3] Куранда мындай деп баса белгиленет: «Биз аларга [Вахий, түшүрүлгөн нерсе] чындык экендиги ачыкка чыкканга чейин ааламга жана өздөрүнө жай-

гаштырган белгилерибизди көрсөтөбүз. Сенин Роббиңдин бардык нерсеге Күбө экендиги жетиштүү эмеспи?» (41:53)

Жогоруда айтылгандарга байланыштуу ар кандай илимий ачылыштарды мисал кылсак болот. Бул илимий ачылыштар убакыт менен мейкиндиктин өзгөрүүсүнөн улам адамдын таанып-билүүсүнүн кеңейишине алып келген, ошондой эле, жаратылгандарга, табигый нерселерге каршы келбеген жана ааламдын аныктыгына жол көрсөткөн Курандын кереметтерин, анын укмуштуудай тактыгын жана сүрөттөлүшүнүн кылдаттыгын изилдейт. Ошентип, турмуштун жана коомдун ар кандай аспектилеринде орун алган олуттуу өзгөрүүлөрдөн улам, биз үй-бүлөлүк мыйзамдарды же кандайдыр бир мыйзам чыгаруу маселелерин изилдегенде, тарыхый чечмелөө менен гана чектелип калдык. Албетте, бул – мурастын, юридикалык тажрыйбанын же мыйзамдардын, тутумдардын жана колдонмолордун тарыхый жазуулары жокко чыгарылышы керек деп чечмеленбеши керек. Тескерисинче, бул бай мурасты изилдөө, аны тарыхый жана социалдык контекстинде кылдаттык менен карап чыгып, ошол тажрыйбанын квинтэссенциясын (маңыз) алуу үчүн тиешелүү сабактарды үйрөнүү жана түшүрүлгөн ыйык вахий көздөгөн максаттарды кайрадан аныктоо максатын көздөйт. Үммөт азыркы учурда деспотизмге, сабатсыздыкка, сезгич жана позитивдүү рухтун жок болушуна моюн сунуп, өтө күчсүз, демилгесиз жана кадыр-барксыз сыпаты менен мүнөздөлөт. Ошентип, үммөттүн иштеринин абалын, пайда болгон кырдаалдарын жана потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрүн объективдүү диагностикалоо үчүн, биз ушул чындыкка сынчыл көз менен карап чыгышыбыз керек.

## ЖАЗАЛОО

Жаракат алууну, азапталууну, маскара болууну камтыган аялдарды "жазалоо" маселесине кайрылып жатып, азап чегүү, коркуу жана тынчсыздануу сыяктуу нерселер жек көрүүгө, обочолонууга, кош көңүлдүккө алып келерин унутпашыбыз керек. Ошол эле учурда, сүйүү, урматтоо жана ишеним кайрымдуулукту, берилгендикти жана дилгирликти пайда кылат. Көптөн бери үммөт катуу кысым менен кордукка жана деспотизм менен колдоочулук маданиятына

чалдыгып келген. Көптөгөн коомдордо мындай тирания мамлекеттик полициянын же коопсуздук кызматынын монополиясы болбой калган. Чындыгында, бул кыянатчылыктар жалпы маданияттын бир бөлүгү болуп калды жана коомдун ар кандай катмарларында, атап айтканда, «күчтүү» менен «алсыздын» ортосунда болуп жатат. Бул кырдаалдын натыйжалары маанилүү, анткени ал сүннөттө мусулмандарды «бөлүктөрү бири-бирин колдогон бир түзүлүш»[4] катары сүрөттөгөн исламдагы тууганчылык жана тилектештикке каршы келет. Андан кийин мындай айтылат: «Ыймандуулардын бири-бирине болгон боорукердик менен мээримдүүлүгүнүн, мисалы, кандайдыр бир оорулуу орган калыбына келгенге чейин ага башка органдардын кам көрүүсү сыяктуу».[5] Сүннөттө буга көптөгөн мисалдар келтирилген жана муну менен ушундай бирдиктүү рухтун негиздери орнотулат:

Ар бир мусулман башка мусулмандын бир тууганы жана аны кысымга албашы, кемсинтпеши, ошондой эле, таштабашы керек. Мусулмандын [диндеш] бир тууганын басынтуусу – жаман көрүнүш; мусулмандын бардык ыйык жайы, мүлкү таза жана мүнөзү кооз.

Кудай башкаларга ырайым кылбаган адамга ырайым кылбайт.

Бирок Аллах ырайымдуу пенделерине ырайымдуулук кылат.

Ыймандуу адам эч качан жалаачы, Кудайга акарат келтирүүчү жана уят-сыйытсыз болбойт.

Ишенгендердин арасынан эң ыймандуусу – адеп-ахлагы мыкты жана аялдары үчүн эң мыкты болгон адамдар.

Муну эске алуу менен, өзгөчө аялдарга карата, сүннөт салттарында пайгамбарыбыз (с.а.в.) аялын сабаган күйөөнү катуу айыптагандыгы айтылат: «Силердин бириңер аялыңарды кул сыяктуу сабай бересиңер жана аны кучактагандан уялбайсыңар».[6] Ошондой эле ал: «Мухаммеддин (с.а.в.) үй-бүлөсүнө келген көптөгөн аялдар күйөөлөрү тараптан кордолгондоруна нааразы болушат,

алар силердин эң жакшыңар эмес»,[7] – деп айткан. Пайгамбарыбыз (с.а.в.) өзү боорукердиктин, кадыр-барктын жана кайрымдуулуктун, кең пейилдүүлүктүн эң жогорку үлгүсүн көрсөткөн: «Ал эч качан аялга, кызматчыга же башка бирөөгө зыян келтирүү үчүн колун көтөргөн эмес...» [8]

Ошентип, ушул жалпы шарттарды эске алуу менен, «жазалоо» деген эмнени билдирерин, айрыкча, азыркы дүйнөдө мусулман үй-бүлөсүнүн түзүлүшүн колдогон үй-бүлөлүк уюмдагы исламдын нукура түшүнүгүн аныктап алышыбыз үчүн, биз «жазалоо» маселесин, анын үй-бүлөдөгү, никедеги жана аталык мамилелердеги ордун кылдаттык менен карап чыгышыбыз керек. Мындай тутум мусулман баласынын убакыттын жана мейкиндиктин көйгөйлөрүнө карата күчтүү, чынчыл, компетенттүү, жоопкерчиликтүү болуп өсүшүнө шарт түзгөн коопсуз, руханий, эмоционалдуу, психологиялык чөйрөнү камсыз кылган күчтүү жана бекем үй-бүлөнү түзүү үчүн, ошондой эле, «тынчтыкка, мээримдүүлүккө жана боорукерликке» негизделген мамилеге жетиш үчүн аракет кылат.

Демек «жазалоо» маселеси үй-бүлө менен адам мамилелеринин түзүмдөрүнө тыгыз байланышкан жана ал Куранда эскертилген үчүн ага өзгөчө көңүл бурулган, ошондой эле, анын тарыхый жана салттык чечмелөөлөрүн көпчүлүк адамдар чабуу, уруу, токмоктоо, согуу ж.б.у.с. физикалык кыймыл-аракеттер деп түшүнүшкөн. Бул физикалык азаптар деңгээлине карабастан, катуу ооруну жана кордукту жаратат. Мындан тышкары, мындай иштин куралы ар кандай болгон; кээ бир *фатаавада* (чечим), мисалы, Абд Аллах ибн Аббаас «жеңил жаза» түшүнүгү боюнча суроого жооп берип жатып «тиш щеткасына» же «карандашка» окшош *сивак* (тишти тазалоо үчүн колдонулган кичинекей (жеңил) бутак) менен бир нече соккудан турушу мүмкүн дегенин Ата ибн Аббаас айткан. Демек, мындай «жазалоо» кемсинтүү же кордоону билдирүү эмес, жемелөөнү же жинге тийүүнү, наарazычылыкты көрсөтүү үчүн болгону байкалат. Башка жагынан алганда, биз кээ бир *фатаавада* «жазалоого» карата «кырк соккудан ашпашы керек» деген өзгөчө чечмелөөнүн колдонулушун жана кошумча «эркек менен аялынын ортосунда эч кандай жаза болбошу керек...» деген чечимди байкайбыз.[9]

Эми «жазалоо» маселесине байланыштуу Куран аятын карап көрөлү:

Кудай бирин биринен артык кылгандыгы жана алар өз каражаттарынан (малдарынан) үй-бүлөсүнө сарптаганы себептен эркектер аялдардын коргоочусу жана камсыздоочусу.[10] Чыныгы туура жолдогу аялдар – алар Кудайдан корккондор жана Кудай сактоого буюрган абийирлерин сактагандар. Алардын жаман ниеттери (жамандыгы) силерди коркутса, аларды биринчи эскерткиле; төшөгүн бөлүп койгула; андан кийин жазалагыла (*идрибухунна*). Эгер алар силерге моюн сунуп оңолушса, анда аларга каршы жол издебегиле. Акыйкатта, Кудай Өтө Бийик, Улук! Эгер силер жубайлардын араздашуусунан корксоңор, анда күйөө тараптан жана аял тараптан бирден калыс дайындагыла. Эгер алар жараштырууну каалашса, анда Кудай алардын ортосуна ынтымак салат. Акыйкатта, Кудай Билүүчү, Кабардар! (4:34-35)

Биринчиден, бул аятты туура түшүнүү үчүн, аны Ыйык Жазманын жогорку максаттарынын чыныгы маанисин түшүнүүгө алып келген исламдагы үй-бүлө түзүмүнүн жана мамилелеринин жалпы алкагына жайгаштыруу керек. Экинчиден, аят башка тиешелүү Куран аяттарын эске алуу менен чечмелениши керек:

Оо адамдар! Силерди бир жандан жаратып, анан андан жуп кылып жана ал экөөсүнөн сан жеткис эркек жана аялдарды жараткан Эгеңе таазим кыл! Өз ара укуктарыңарды Ал аркылуу талап кылган Кудайга таазим кыл жана [силерди төрөгөн, бул дүйнөгө алып келген] энелериңерди, туугандарыңарды сыйлагыла. Албетте, Кудай силерди ар дайым көзөмөлдөп турат. (4:1)

Өзүңөрдөн жубай жаратып, байыр алууңар үчүн ортоңорго махабат жана мээримдүүлүк салып койгону да – Анын белгилеринен. Чындыгында, ой жүгүрткөндөр үчүн бул нерселерде белгилер бар. (30:21)

Аялдарыңарга талак берсеңер жана алар *идда* (күтүү убактысы) мөөнөтүн толуктаган соң [мөөнөтү жеткен учурда] жакшылык менен [тең укуктуу шартта] кайра алып калгыла же жакшылык [тең укуктуу шартта] менен ажырашкыла. Бирок, аларга зыян

жеткирүү же артыкчылыгыңарды колдонуу максатында кайра алып келбегиле. Кимде-ким ушул ишти жасаса, чындыгында өзүнө-өзү зулумдук кылган болот. Кудайдын аяттарын шылдыңдоо катары кабыл албагыла жана Ал силерге туура жол көрсөтүү үчүн берген жакшылыктарды, силерге жөнөткөн Китеп (Ыйык Жазма) менен пайгамбар (с.а.в.) алып келген даанышмандыкты түшүргөнүн салтанаттуу белгилегиле, ошондой эле, Кудайдан корккула жана Кудайдын бардык нерсени Билүүчү экенин билгиле. (2:231)

Оо, момундар! Эгер момун аялдар менен никелешип, бирок кошула электе ажырашсаңар, анда аларга карата *идда* санай турган мөөнөтүңөр болбойт. Ошондуктан, аларга белек берип, аларды жакшылык менен кое бергиле. (33:49)

Эки жолу ажырашууга уруксат берилет, андан кийин аялды жакшы шартта кармоо керек же жакшылык менен коё берүү керек. Эки тарап тең Алланын чектерин сактай албайбыз деп коркмоюнча, анык бергенинен эч нерсе ала албайсыңыр. Ал эми алар Алланын чектөөлөрүн сактай албайт деп корксоңор, анда ал аял ажырашса, экөө тең күнөө кылышпайт. Булар Алланын чектери, чектен чыкпагыла! Алланын чектеринен аша чаап кеткендер – заалымдар. (2:229)

Эгерде биз жогорудагы аяттарды шарияттын жамааттык буйруктарына, жалпы пайгамбарлык идеалдарга жана салттарга ылайык окусак, анда үй-бүлөлүк мамилелердин чыныгы руху «махабат», «боорукердик» сезимдери жана «камкордук» милдеттемелери менен калыптанарын байкайбыз. Мындай мамилени жөнгө салуучу факторлор: «махабат (байлануу), боорукердик жана кайрымдуулук».

Бул бизди «жазанын» чыныгы себебин жана маанисин, ага байланыштуу кордуктун жана азаптын божомолдуу кесепеттерин, ошондой эле, бул маселенин исламдагы нике мамилелерине карата позициясын, айрыкча, жубайлардын ортосундагы сүйүү менен урматтоону өркүндөтүп, көйгөйлөрүн чечүү максатында иштелип чыккан системанын идеалын түшүнүүгө алып келет. Тилекке каршы, аялдар психикалык жана физикалык ырайымсыздыкка, ошондой эле, эзүүгө туш болгон азыркы мусулман коомдорунда-

гы социалдык мамилелердин чындыгын эске алганда, тыянактар өтө маанилүү. Чындыгында, аялдарына татыктуу мамиле жасабагандар, эркектерге үй-бүлө башчысы катары ыйгарым укуктарды берген кээ бир эски *фатааваларды* туура эмес чечмелөөдөн негиз табууга аракеттенишет. Үй-бүлөлүк мамилелерди мындай кабыл алуу, бул үй-бүлө институтунун мээримдүүлүк, тилектештик, кызматташтык жана биригүү сыяктуу түпкү негиздерин четке кагат. Эгерде биз аялдарды жана үй-бүлөнү эркектердин менчиги деп эсептөөдөн алыс болгубуз келсе же аны каалабасак, анда мындай тексттердин маанисин туура эмес чечмелөөгө жол бербешибиз керек.

Мурунку жөнөкөй жашоо мүнөзү аялдардын үй-бүлөлүк чөйрөдөгү мүмкүнчүлүктөрүн жана ролун чектеп, эркектерге ашыкча милдеттенмелерди жүктөп, айрыкча шаарларда үй-бүлөлүк маселелерди чечүүдө аларга кошумча ыйгарым укуктарды берген. Кара жумушка жөндөмдүүлүгү – акча табуунун жана үй-бүлөнүн коопсуздугун сактоонун негизги каражаты болгон. Бирок, үй тиричилиги жана үй-бүлөдөгү муктаждыктар аялдын күчүн жана убактысын алган. Кыязы, мындай чектөөлөр аялдардын чеберчилигин чектеп, алардын кызыкчылыктарын кыскартып, кабылдоосун начарлатып, үй-бүлөлүк чөйрөсүнөн тышкары дүйнөдөн обочолонтуп, аларга өзгөчө ишенчээк аң-сезимди орноткон. Ал убакта коом эркектин үй-бүлө түзүмүндөгү ашыкча авторитетине шек келтирген эмес жана азыркы дүйнөнүн абалы, каражаттары, жөндөмдөрү жана мүмкүнчүлүктөрү менен абдан айырмаланат. Бүгүнкү билим берүү, технологиялык, маданий жана глобалдык перспективалар аялдарга жакшыраак өндүрүмдүүлүктү, экономикалык көз карандысыздык мүмкүнчүлүктү жана кечээки үй-бүлөлүк маселелердин чакан чөйрөсүнөн ашып түшкөн интеллектуалдык жана техникалык мүмкүнчүлүктөрдү сунуш кылат. Ошентип, үй-бүлөнүн тарыхый сүрөтү анын өткөн мезгилдеги структуралык чектөөлөрү менен чогуу, үй-бүлө мүчөлөрүнүн умтулууларын мисал кыла албайт же алардын бүгүнкү күндөгү ролдору менен потенциалдарын чагылдыра албары көрүнөт. Үй-бүлөлүк мамилелердеги чыңалууну жана келишпестиктерди болтурбоо үчүн жана башка мүчөлөрдүн ролун толуктоо менен, үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнө өзүнүн перспективдүү ролдорун аткарууга мүмкүнчүлүк берген түшүнүктөрдү жана баалуулуктарды калыбына келтирүү үчүн,

биз бүгүнкү абалдын контекстинде үй-бүлө түзүмүнө болгон өзүбүздүн көз карашыбызды кайра карап чыгышыбыз керек.

«Жазалоо» маселесин тереңирээк изилдеп жатып, мен талаш-тартыштын жана болочок көйгөйдүн маңызы Куранда аялды күйөөсүнүн эркине баш ийүүгө мажбурлоо, же анын бул жагдайдан улам келип чыккан азап-кайгысына карабастан, баш ийүүгө жана берилгендикке мажбурлоону билдирет деп божомолдонгон «азап чегүү», «кемсинтүү» жана физикалык «азап» деген маанини камтыган араб тилиндеги *дараба* (жазалоо) этишинин чечмеленишинде экенин көрдүм. Бул кырдаалды жөнгө салган түпкү божомол боюнча, мусулман аял, айрым диндерде жана маданияттарда орун алгандай, кандай гана шартта болбосун, никеден чыгууга эч кандай мүмкүнчүлүккө ээ эмес жана эч качан күйөөсү макул болмоюнча эркиндикке чыга албайт же тең укуктуу ажырашып кете албайт. Демек, ой жүгүртүүгө ылайык, ал күйөөсүнүн корс жүрүм-турумуна чыдап, анын буйругун аткарууга мажбур болушу керек. Эгер андай болсо, «азап чегүү», «кемсинтүү» жана физикалык «азап» сыяктуу жазалар үй-бүлөлүк көйгөйлөрдү чечүүнүн, тагыраак айтканда, баш ийдирүүнүн натыйжалуу каражаты болуп көрүнөт!

Бирок, биз жогоруда көрсөтүлгөн нерселер «махабат» жана «боорукердик» негизинде түзүлгөн үй-бүлөлүк түзүлүштү, анын биримдигин колдогон жана барлыгын сактаган шарияттын принциптерине баш ийбей тургандыгын аныктадык. Ошентип, исламда үй-бүлөнүн мүчөсү болуу тандоо жолу менен болот: мажбурлоого же кордукка жол берилбейт жана жубайлардын ар бири үй-бүлөдөн чыгып, нике байланышын, айрыкча, ал зыяндуу болуп калса, токтотууга укуктуу. Бул үй-бүлө мүчөлөрү үчүн жек көрүүчүлүккө, келишпестикке жана кыжырланууга негизделген мамилеге караганда жакшыраак (анчалык зыяндуу эмес). Ушундай шарттарда шарият күйөөсүнө *талак* (ажырашуу) укугун берет жана аялына *кхул (khul')* (ажырашуу жана бошотуу) мүмкүнчүлүгүн издөө укугун берет. Экинчи учурда, аял күйөөсүнөн алган махрды келишимде же анын бир бөлүгүндө (чек катары) көрсөтүлгөндөй кайтарып берүүгө макул болуп, нике келишиминен бошонуу чечимин кабыл алат жана аялынын байлыгына болгон күйөөсүнүн сараңдыгы же аялдын үй-бүлөсүнүн абалы күйөөсүнүн катаал мамиле кылуусуна жол бербейт. [11]

Демек, мажбурлоо же физикалык «жазалоо» эч качан жубайлардын ортосундагы бири-бирине мээримдүүлүк сезимин сактап калуунун же алардын ортосундагы жакындыкты жана ишенимди бекемдөөнүн каражаты боло албайт. Мындан тышкары, Курандын тиешелүү аяттарындагы (4:34-35) кадамдарды изилдөө – үй-бүлөлүк көйгөйлөрдү чечүүгө жана элдешүүгө умтулууга жардам берген эки жол ачат, айрыкча, эгер аялы козголоңго жана нике байланышын адилетсиз түрдө четке кагууга жакын болуусу байкалса.

Биринчи кадам – жубайлардын ортосундагы талаш-тартыштарды үчүнчү жактын кийлигишүүсүз же аларды ортомчу болтурбай чечүү. Бул кадамды жолдошу баштайт жана ал процесс үч этаптан өтүшү керек: (1) эскертүү; (2) үй-бүлөлүк төшөктү бөлүшүүдөн баш тартуу; жана (3) акыры «жазалоо».

Экинчиден, мындай аракеттерден кийин тынчтык жана элдешүү орнобосо, жубайлардын экөөсү тең туш болгон көйгөйлөрдү чечүү үчүн, төмөндөгү аятка ылайык, жараканы бүтөөгө жардам бере алган өздөрүнүн үй-бүлөсүндөгү сыйлуу адамдардан кеңеш жана чечим издөөлөрү керек:

> Эгер силер жубайлардын араздашуусунан корксоңор, анда күйөө тараптан жана аял тараптан бирден калыс дайындагыла. Эгер алар тынчтыкты каалашса, анда Кудай алардын ортосуна ынтымак салат. Акыйкатта, Кудай Билүүчү, Кабардар! (4:35)

Жалпысынан, Курандын сунуштары туура фактыларга негизделип, позитивдүү демилгелерди колдонуп, натыйжалуу түрдө элдешүүнү жана жубайлардын ортосунда тынчтыкты орнотууну көздөйт. Ошентип, аялы наразычылыктын жана жаман мамиленин белгилерин көрсөткөндө, Куран күйөөсүнө аны менен кеңешүүнү, ага жалынып-жалбарууну, [болбосо] балким, ага каршы турууну буйруйт. Бул нерсе ага аны кыжалат кылган ойлорун айтууга, айырмачылыктарды тактоого, мүмкүн болгон чечимдерди издөөгө, никесин тең укуктуу шартта сактап калууга болгон кызыгуусун көрсөтүүгө жана акыры натыйжалары жагымсыз болгон ажырашуунун белгилерин аныктоого кеңири мүмкүнчүлүк берет. Ошондуктан, никедеги ар кандай келишпестиктерди чечүү үчүн, алгачкы аракеттер сүйлөшүүгө (диалог), ой алмашууга жана кеңешүүгө басым жасайт, анткени күндүн аягында анын жыныстык каалоосу

жана / же ага болгон күйөөсүнүн тартылуусу (сүйүүсү) же каалоосу үстөмдүк кылат деген менсинүү торуна түшпөшү керек. Ошентип, ар кандай үй-бүлөлүк келишпестиктерди жөнгө салууга жасалган биринчи кадамдар аялдын аялдык жагымдуулугуна жана күйөөсүнүн жыныстык муктаждыктарына эмес, тескерисинче, баарлашып сүйлөшүү жолуна негизделиши керек. Бирок, эгерде аялы мындай кеңешке билбестиктен же текебердигинен улам кулак төшөбөсө, анда күйөөсү аны менен кеңешип же эскертип эле койбостон, ушул жолду улантып, башка иш-аракеттерди жасашы керек деп эсептелет. Ушул учурда, аялы күйөөсүнүн алсыздыгына, чыдамсыздыгына же ага болгон каалоосуна таяна албашын көргөзүү үчүн күйөөсү «үй-бүлөлүк төшөктү бөлүшүүдөн баш тартышы» керек. Анын ага анчалык деле кызыкпагандыгын байкап, аялы кырдаалдын оордугун жана кесепеттин олуттуулугун интуитивдүү түрдө түшүнөт. Бул, өз кезегинде, ага бардык кырдаалды кайрадан карап чыгууга, өзүнүн чектен ашып кеткенин түшүнүүгө, жубайлардын бири-бирине болгон «сүйүү» жана «боорукердик» абалын калыбына келтирүү үчүн келишпестиктен чыгууга жардам берүү үчүн иштөөгө мүмкүнчүлүк берет. Экинчи жагынан, күйөөсүнүн жогоруда аталган чараларына карабастан, аялы өжөрлүк менен баш тартуу позициясын сактап калса, анда нике коркунучта экендиги жана жакынкы аралыкта ажырап кетүү коркунучу тургандыгы шексиз. Мындай учурда эки тарап тең кырдаалдын олуттуу экендигин түшүнүп, токтоосуз туура (позитивдүү) чараларды көрүшү керек.

Ушул маанилүү учурда, сөзсүз суроо туулат: мындай опурталдуу баскычка жеткен жубайлар никедеги жаралган чыныгы коркунучту, тактап айтканда, ажырашуу коркунучун кантип баалайт жана ортомчу болуп же алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн үчүнчү тарап болуп жеке чөйрөсүнө өтүп кеткен бөлүнүүнү токтотуш үчүн жубайлар эмне кылуулары керек?

Дал ушул орчундуу учурда, калыс боло турган адамдардын кийлигишүүсүн сурабай туруп, талашты жөнгө салуунун кийинки кадамы жасалышы мүмкүн. Ал жогорудагы аятта айтылгандай «жазалоо» (араб этишинин уңгусу: *дараба*) кадамы (4:34). Менин ишимдин негизи жана мен үчүн иштин өзөгү *дараба* этишин чечмелөө, айрыкча, ажырашып кеткен жубайлардын ортосундагы жарашууну издөө контекстинде. Бул нерсе күйөөсү оозеки түрдө

аялына эскертүү берип, тынчтыкты жана макулдашууну калыбына келтирүүгө аракет кылуусунан соң жана физикалык жактан нике төшөгүн бөлүшүүдөн баш тартып, ошону менен өзүнүн наа-разычылыгын билдиргенден кийин орун алат.

Бул жакта *дарб* этиши аялды жаакка чабуу, уруу, сабоо, ток-моктоо же башка кандайдыр бир физикалык жазалоо (азап, оору жана маскарачылыкты камтыйт) аркылуу аялды анын эркине кар-шы нике байланышын сактоого мажбурлоо деген мааниде чечме-ленеби? Эгер бул чын болсо, анда мындай баш ийдирүүнүн мак-саты эмнеде? Аялдарды азап жана маскаралоо жолу менен баш ийдирүү сүйүүнү жана махабатты калыбына келтирүүгө жардам береби же үй-бүлө түзүмүн кыйроодон жана ажырап кетүүдөн сактап калабы? Бул чара өз укуктарын жакшы билген аялдарды баш ийдирип, аларды кордук көргөзгөн күйөөлөрдүн кысымында калууга мажбурлай алабы же мындай кастык жана зордук-зомбу-лук мамилесин кабыл кыла алабы? Же алар ислам done дининде өздөрү укуктуу болгон нерсеге кайрылып, татыктуу түрдө боштондукка чыгып кете алышабы? Андай болсо, үй-бүлөлүк мамиледе баш ийдирүүгө жол берип, үй-бүлөлүк түзүлүшкө доо кетирген, анын кыйрашын тездеткен нерсенин болушу мүмкүнбү?

## ***ДАРАБА*** **ЭТИШИ**

Эгерде *дараба* этиши физикалык же психологиялык ооруну бил-дирбей тургандыгын көрсөтүү мүмкүн болсо жана Курандагы мындай идиоманы (өтмө маани) кээ бир күйөөлөр туура эмес түшүнүп, алар аялдарына карата кылган катаал мамилесин актап чыгышы мүмкүн жана аялдары өз кезегинде балдарына кам көр-гөндүктөн же социалдык же каржылык жактан абалдары кооптуу болгондуктан улам мындай кордуктарга чыдоого дуушар болуш-са, анда мындай учурда бул «идиоманы» кандай түшүнсө болот?[12]

Бул маселени кароодо шашылыш жыйынтыкка өтүп кетпестен, аны ар тараптуу ар кандай өлчөмдөрдү жана кошумча маанилерди камтыган чыныгы билим менен карап чыгуу керек. *Дараба* / *дарб* идиомасы менен байланышкан Курандагы кадамдар жубайлардын сүйүүсүнө, боорукердигине жана жакындыгына өбөлгө түзүү менен бирге никенин максатын калыбына келтирүү-

гө багытталган. Бул кадамдар азырынча акыркы  каражаттын болушун көздөбөйт: ал жубайлардын үй-бүлөлөрүнөн болгон калыстардын кийлигишүүсү. Ошондуктан, Курандын максаты жана кадамдары үй-бүлөлүк көйгөйлөрдү чечүүдө зордук-зомбулукка, жаракатка же ооруга эч кандай жол бербесе, анда бул этиштин чыныгы чечмелениши кандай болот? Бул аллегориялык же метафоралык маанидеги ооруну билдиреби? *Дараба* Куранда өтмө этиш катары колдонулат, мисалы: «Кудай силерге [үлгү ала турган]  мисал келтирет…» (4:75-76) жана этишке кошулган жардамчы жандооч катары өтмө эмес этиштин маанисинде дагы келет: «*Качан силер жер-жүзүн кыдырганыңарда (саякат)...*» (4:101)

Ибн Аббас билдиргендей эгер бул этиштин чечмеленишин *сивак* же «тиш щеткасы» болбосо «карандаш» сыяктуу башка нерсе менен бир нече жолу жумшак жеңил согуу же уруу деп кабыл кылсак, анда мааниси жазалоону, жаракат алууну же ооруну камтыбайт. Тескерисинче, бул үй-бүлөлүк төшөктү бөлбөй калган күйөөнүн тартылуусун, көңүл калуусун же аялына болгон кызыгуусунун жоктугун жумшак көрсөтөт. Мындай нерсе (туюнтуу) жылуулукту жана жакындыкты билдирген кол тийгизүүнүн же кучактоонун карама-каршысы. Бул чечмелөө акылга сыярлык, анткени ал нике байланыштары жана нике мамилелери менен бириккен жубайлардын ортосундагы адамдык кадыр-баркка, сый-урматка доо кетирбейт. Жогоруда айтылган түшүнүк «жазалоону» маскара болуу, жаракат алуу же оору менен байланыштырбайт. Ал эми айрым башка юристтердин көз карашы боюнча, алардын *фатавасында* көрсөтүлгөндөй бул ой жүгүртүү сызыгы сөзсүз түрдө аткарыла бербейт, айрыкча, алар *дарб* канчалык деңгээлде жана кандай болоруна карабастан «анын денесинин ар кайсы жерлерине тийгизилеби же жокпу, органдары жабыркайбы же жокпу, сөөктүн сынышына алып келеби же жокпу жана ал аман калабы же жокпу жыйырма же кырк соккудан ашпашы керек» деп белгилешет.[13]

Бирок, Ибн Аббастын чечмелөөсүнө карабастан, бул дагы деле мурда орун алган кыянаттык менен зордук-зомбулукту актоо максатында бурмаланып келген түшүнбөстүктөргө жол ачат жана бүгүнкү күндө дагы жумшак согуу фатвасына таянып, аялдарга оору (зыян) алып келиши мүмкүн. Демек, кабыл алуу да, чечим да чыныгы *дараба* түшүнүгүн туура эмес чечмелөөгө эч кандай мүмкүнчүлүк бербеши керек, ошондой эле, бул түшүнүктүн туура

эмес колдонулушуна жана кыянаттык менен пайдаланылышына жол бербеши керек. Мындай чаралар, албетте, үй-бүлөнүн сүйүү, боорукердик жана кадыр-баркка негизделген Шарияттын чыныгы максаттарына дал келет.

Натыйжада, мен Вахий менен Кабардын түбөлүктүүлүгүнө тиешелүү методологиялык түзүмдөрдөгү (ушул изилдөөнүн башында келтирилген) суроолорду, тийиштүү Ыйык эрежелерди түшүнүүнүн зарылдыгын, убакыт жана мейкиндиктин өзгөчөлүгүн, ошондой эле, каралып жаткан маселени объективдүү жана дисциплиналык талдоо негизин кайрадан карап чыгууга милдеттендим. Ошондуктан, мен *дараба* этишинин ар кандай коннотацияларын (ээрчип жүргөн маанилер) жана анын Курандагы ар кандай туундуларын карап чыгууга аракет кылдым, анткени бул Куранды чечмелөө үчүн Куранды колдонуунун жакшы ыкмасы. Даңазалуу Курандын эң мыкты чечмелениши – түшүрүлгөн ыйык вахийдин өзү аркылуу ишке ашып, Шарияттын жогорку максаттарын (*макасид*) эске алуу менен такталат (аныкталат).

Дарабанын ар кандай коннотацияларын жана анын Курандагы туундуларын топтоо болжол менен төмөнкү аяттарда көрсөтүлгөндөй он жети билинип-билинбес так айырмачылыктарды пайда кылат:

> Кудай силерге [үлгү ала турган] *мисал келтирет*… (4:75, 76, 112; 66:11)

> Качан алар Мариям уулу Исаны *мисал келтиргенде*, сүйүнүшөт! (43:57)

> Алар сен *тууралуу* эмне деп жатканын карап көрчү. Алар терең адашууда жана туура жолду таба алышпайт. (17:48)

> Кудайга карата окшоштуктарды (мисалдарды) ойлоп таппагыла. Чындыгында, Кудай бардык нерсени билет, силер болсо билбейсиңер. (16:74)

> Силер жер-жүзүн саякаттап кыдырганыңарда... (4:101)

Алардын кулагына мөөр басып, (терең уктатып) көп жылдар бою үңкүрдө отургуздук. (18:11)

Чындыгында, силерди чектен чыккан коомсуңар деп, силерден ыйык жазманы – Куранды *алып коёбузбу*? (43:5)

... алар жоолуктарын көкүрөктөрүнө чейин жаба салынышсын... жана көмүскө (катылган) кооздуктарын көрсөтүү үчүн буттарын жерге катуу уруп жүрүшпөсүн... (24:31)

... Менин пенделерим менен түн ичинде жолго чык жана алар үчүн [деңизден] кургак (катуу) жол жаса... (20:77)

Биз Мусага: «*Таягың менен деңизди чап*» – дедик. Ошондо деңиз жарылып, ар бир бөлүгү аска тоодой болду. (26:63)

Чынында, Кудай өтө кичинекей же өтө чоң нерсени мисал келтирүүдөн уялбайт... (2:26)

Муса качан өз эли үчүн ичүүгө суу сураганда, Биз: «*Таягың менен ташты ур*» – дедик жана андан он эки булак атылып чыкты... (2:60)

... аларды кордук жана кедейчилик *каптады*. Алар Кудайдын каарын өздөрүнө чакырышты... (2:61)

Алар кордук астында калышат [чатырдын астында калган сыяктуу] ... (3:112)

Бирок периштелер өлүм учурунда алардын беттерин жана жондорун уруп, жандарын алса кандай болот? (47:27)

... Мен каапырлардын жүрөктөрүнө коркунуч салам. Алардын баштарын жана манжаларын кесип с*алгыла*. (8:12)

Колуңа жумшак бир тал (боо, сабак)[14] алып, аны менен ур жана антыңды бузба... (38:44)

Согушта каапырлар менен силер бетме-бет келсеңер, баштарын алгыла, аларды баш ийдиргенден кийин, жакшылап кишендегиле... (47:4)

Оо, ыйман келтиргендер! Кудай жолунда башка *жерлерге* чыкканыңарда, кылдаттык менен изилдөө жүргүзгүлө ... (4:94)

... алардын ортосунда дарбазалары бар тосмо орнотулат, анын ичинде – ырайымдуулук, сыртында – азап. (57:13)

Ал аларга жакындап келип, (буттарды) оң колу менен *уруп баштады*. (37:93)

Жогорудагы аяттарды карап көрсөк, *дараба* (өтмө жана өтмө эмес) уңгу этиши (идиома) бир нече фигуративдик же аллегориялык мааниге ээ. Бул обочолонуу, бөлүү, кетүү, алыстоо, четке кагуу, башка жакка кетүү ж.б.у.с. нерселерди билдирет. Качан кандайдыр бир нерсе ушундай иш-аракетке дуушар болсо, аны бөлүп алуу, айырмалоо жана айкын мисал катары көрсөтүү керек дегенди билдирет. *Дараба* этиши:

- жерге тиешелүү болсо, анда саякатты же кетүүнү билдирет
- кулакка тиешелүү болсо, аны тосуу же угузбай коюуну түшүндүрөт
- Куранга тиешелүү келсе, анда ага көңүл бурбоо, көз жаздымда калтыруу жана андан баш тартуу маанисинде болуп калат
- чындыкка жана жалганга тиешелүү болгондо, анын экөөсүн тең айкын кылууну жана биринен экинчисин айырмалоону туюнтат
- пардага тиешелүү келсе, анда жоолук менен көкүрөктү жабууну билдирет
- деңиздерге же дарыяларга байланыштуу болсо, анда сууну бөлүп, жолду басып өтүү дегенди билдирет
- дубалды тургузууга тиешелүү болсо – бөлүүнү билдирет
- адамдарга карата колдонулса, анда шермендечилик

көлөкөсүндө калуу дегенди билдирет

- буттарга, моюнга, бетке, далыга тиешелүү болсо, кесүүнү, чаап кесүүнү, согууну билдирет
- калган аяттарда бул түрткү берүүнү, шок кылууну, алакан менен чабууну же зыян келтирүүнү билдирет.

Ошентип, *дараба* этишинин уңгусу жалпы коннотациялары (жандап жүргөн маани) Куран тилинде бөлүү, алыстоо, кетүү, таштап кетүү ж.б.у.с. мааанилерде келет.[15]

## БӨЛҮНҮҮ ЖАНА ОБОЧОЛОНУУ

Демек, бул *дараба* этиши үй-бүлөлүк көйгөйлөрдү чечүү, ажырашкан жубайлардын ортосундагы сүйүү менен гармонияны калыбына келтирүү маселелерине тиешелүү болгондо, кандайча туура чечмелениши керек?

> ... жана аялдарыңардын туура эмес мамилесинен кооптонсоңор, анда аларга алгач эскертүү бергиле, андан кийин төшөгүңөрдү бөлүп салгыла. [Анда да болбосо] аларды жазалагыла (*идрибухунна*). Эгер алар силерге моюн сунуп оңолушса, анда аларга каршы зыян алып келүү жолдорун издебегиле. Акыйкатта, Кудай Өтө Бийик, Улук! (4:34)

Контекстти эске алганда, бул аяттын максаты – мажбурлоосуз же коркутпастан татыктуу деңгээлде элдешүү, анткени ар бир жубай мамилени бузууга жөндөмдүү жана укуктуу. Демек, *дарб* сөзүнүн мааниси жаракат, ооруга учуратуу же шерменде болууну билдирбейт. Эң түзмө-түз чечмелөө – кетүү, бөлүнүү же обочолонуу. Бул нерсе күйөөсү аялын бир нече убакытка чейин таштап кетүүсү менен кырдаалды жөнгө салууга жардам берет, анткени бул аялды эскертүүдөн жана аны менен төшөк бөлүшүүдөн баш тартуудан кийинки акыркы кадам. Эми, күйөөсү жокто, аялы бардык кырдаалды кайра карап чыгып, анын кесепеттери жөнүндө ойлонуп, мындай жагдайдын натыйжасын, тактап айтканда, ага мындай ажырашуунун жыйынтыгын түшүнүүгө толук мүмкүнчүлүк

берилет. Ушул учурда, ал күйөөсүнөн биротоло бөлүнүп кетүүнү же үй-бүлөлүк абалга кайтып келүүнү каалай тургандыгын кылдаттык менен чечиши керек. Бул акыйкаттын учуру жана эгерде катачылык өзүнөн кеткен болсо, анда ал акыл-эске келип, кеч болуп кала электе четтенип жүргөн күйөөсүн кайтарышы керек.

Ошондуктан, *дарб* татаал үй-бүлөлүк мамилени жакшыртуу жана ынтымакты калыбына келтирүү контекстинде, үйдү «таштап», аялынан «алыс» же «өзүнчө» болуу деп чечмелөө керек. Бул ар бир жубайынын тиешелүү үй-бүлөлөрүнөн калыс болуу ортомчулугун издегенге чейин жасала турган акыркы чара. Эгерде бул аракет, өз кезегинде, кырдаалды оңдоп, тынчтыкты калыбына келтирбесе, анда эки тарап тең акыркы чечим чыгарышы керек болот: «... тараптар тең укуктуу шартта биригиши керек же татыктуу түрдө бөлүнүшү керек». (2:229)

Жогорудагы *дараба* этишинин талданышы пайгамбарыбыздын (с.а.в.) көргөзгөнүнө жана анын (с.а.в.) иш жүзүндөгү тажрыйбасына шайкеш келет. Бул нерсе пайгамбарга (с.а.в.) өзүнүн аялдары тараптан материалдык жашоолорун жогорулатууну көздөгөн сунушта жана ал сунуш четке кагылганда алардын баш көтөрүүсү тууралуу окуя менен тастыкталат. Бул жагдайда пайгамбарыбыз (с.а.в.) *аль-машрабах* аттуу жерге бир айга кетип калган жана мындай кылуу менен аларга анын мүмкүнчүлүгүнө жараша жашоо деңгээлин кабыл алууну жана чогуу болууну, же нике келишиминен бошотулуп, татыктуу бөлүнүп кетүүнү сунуштаган. Бул окуя Куранда айтылат:

> Оо, пайгамбар! Жубайларыңа айт: «Дүйнө тиричилигин жана анын коздугун кааласаңар дароо келгиле, силерге пайда келтирип, жакшылык менен ажырашайын. Бирок, эгер, Кудайды, анын пайгамбарын жана акырет элин издесеңер, анда Кудай силердин араңардан жакшылык жасагандарга зор сыйлык даярдап койгон». (33:28-29)

Мындай тажрыйбалардын баштан аягына чейин пайгамбарыбыз (с.а.в.) алардын эч кимисине эч качан жаракат, оору келтирбеген жана аларга кордук көргөзгөн эмес. Ошондуктан, пайгамбарыбыздын (с.а.в.) жубайлары кырдаалдын олуттуу экендигин түшүнүп, үй-бүлөлөрүнүн каарын сезип, анын (пайгамбардын

с.а.в.) мамилесин жана жакындыгын сагынышкан – бул нерсе аларды пайгамбар (с.а.в.) сунуш кылган жашоо образына ыраазы болуу үчүн жетиштүү болгон.[16]

Пайгамбар (с.а.в.) бул маселе боюнча кеңешүүдөн жана үй-бүлөлөрүнө бирге болууга же бөлүнүп жашоого тандоо берүүдөн мурда бир ай бою бөлүнүп өзүнчө жүргөн. Ошондо гана алар өз каталарын түшүнүшүп, ажырашуунун босогосунда туруп калгандарын сезишкен жана андан соң (бири-биринин) кадыр-баркын кабыл кылууга кайтышкан. Натыйжада, пайгамбарыбыздын (с.а.в.) чыныгы иш-аракетинде *дараба* обочолонуу, кетүү жана өзүн алардан алыстатуу деп чечмеленген. Бул, бир жагынан, иштин психологиялык табияты менен, экинчи жагынан, *дараба* түпкү этишинин жана анын абстракцияларына, туундуларына жана көркөм формаларына тиешелүү ар кандай Курандагы колдонуулардын жалпы түшүнүгүнө ылайык келет. Ошондой эле, бул түшүнүк Ибн Аббастын айткандарына карама-каршы келбейт, анткени ал күйөөлөрдүн ачуусу *сивак* же ушул сыяктуу нерсе менен бир нече жолу акырын уруудан ашпашы керек деп эскертет. Кыязы, мындай өтө жумшак уруу аркылуу күйөөсү өзүнүн наараазычылыгын билдирүү үчүн жетиштүү болмок. Бирок, Ибн Аббас чечмелегендей, үй-бүлөлүк келишпестиктин акыркы этабында туңгуюктун (жагдайдын) чыныгы оордугун жана анын кесепеттерин үй-бүлөлүк төшөктү бөлүшүүдөн баш тартуу аркылуу жарашууга жетишүү же бөлөк жашоону издөө сыяктуу чечкиндүү кадам таштоодон мурда, акырын уруп коюу канчалык таасирдүү жана кандай жыйынтык берери белгисиз!

# ЖЫЙЫНТЫК

Натыйжада туура эмес ой, келишпестиктин пайда болгонунан кийин нике мамилесин оңдоо үчүн Курандын сунушуна ылайык жана Куранды чындап окуудан кийин мен *дараба* идиомасы күйөөгө аялынан «кетүүнү», андан «аралык сактоону» жана үйдөн алыстоону аялдын эске келүүсүнө, көк беттиктин оордугун жана ал нерсе – өзү, балдары үчүн мүмкүн болуучу кесепеттерди камтыганын түшүнүүгө жардам берген акыркы аракет катары (күйөөсүнө) көрсөтөт. Ден соолукка зыян келтирүү, психологиялык ооруга учуратуу жана мазактоого караганда таштоо, обочолонуу түшүнүктөрү Куран тилинде көбүрөөк жактырылат жана шайкеш келет. Биринчи айтылгандар татыктуу үй-бүлөлүк мамилеге алып келбейт же адамдын кадыр-баркын көтөрбөйт, айрыкча, баалуулуктарды, келечекти жана азыркы доордогу көз караШты эске алганда, туруктуу никенин негизи болгон «мээримдүүлүк» менен «боорукердикти» жаратпайт. Бул макалада келтирилген талдоо пайгамбарыбыздын (с.а.в.) иш жүзүндө көрсөткөн тажрыйбасынан колдоо табат. Бул ислам дининин үй-бүлө түзүмүн мээримдүүлүк, боорукердик негизинде түптөөдөгү максаттарын жана милдеттерин жүзөгө ашырган каражат катары каралат жана үй-бүлөнү балдарды руханий, адеп-ахлактык, эмоционалдык, интеллектуалдык жактан азыктандырган пайдалуу чөйрө катары сактап калууга басым жасайт.

Албетте, биздин үммөттүн көптөгөн түшүнүктөрү жетишсиз жана жаңылыш. Буга ортодогу тарыхый карама-каршылыктар жана үммөттүн азыркы көз карашын каптаган айрым исламдык эмес маданияттардын жана философиялардын таасири себеп болгон. Мындан тышкары, Аянды түшүнүү жана анын максаттарынын алардын күнүмдүк жашоого байланыштуу колдонулушу, адамдардын белгиленген убакытка жана жерге ылайыктуу билимине таасир этет. Демек, биздин доордун окумуштуулары үммөттүн түшүнүктөрүн эркин кылып, Шарияттын көздөгөндөрүн жүзөгө ашыруу үчүн ушул сыяктуу маселелер боюча критикалык иликтөөсүн акылдуу жана токтоосуз жүргүзүшү керек. Акырында, мен ушул макаладагы жана ушул сыяктуу маселелерге кайрылган

башка иштердеги тыянактар ислам мыйзамдарына колдонулган бирдиктүү ыкманы колдонуп, ижтихаддын чегине киргиздим. Ислам студенттери менен аалымдарынын мамилеси жана ыкмалары ар дайым ушундай болот деп ишенем.

# ЭСКЕРТМЕЛЕР

1. Абдулхамид Абу Сулайман, «Заахирия ибн Хазм уа Иъжааз аль-Рисала аль-Мухаммадия», (The Prima Facie Textualism of Ibn Hazim and the Inimitability of the Muhammadan Message) ат-Таждиид, ИОЭИ, Малайзия, 2-том, №3. (Февраль 1998)
2. Абдулхамид Абу Сулайман, Эл аралык мамилелердеги ислам Теориясына карай: Методология менен пикирдеги жаңы багыт (Херндон, ВА: Эл аралык Ислам институту, экинчи (оңдоодон өткөн) чыгарылыш, 1993).
3. Ушуну эске алып, мен аяттын мындайча чечмеленишин сунуштайм: «Оо, Элчи! Ишенгендерди күрөшкө үндө ... », Ислам теориясына карай, 69-75 бб.
4. Мавсууа аль-Сунна, «Бухари», 3-том, №2585, (Тунис, Тунис: Даар аль-Сахнуун жана Даар аль-Даъуаа, 1992), 1999-бет.
5. Ибид (ошондой эле/окшош). 3-том, №2587, 1999-бет.
6. Ибид, 6-том, 153-бет.
7. Ибид, «Абу Давуд», 8-том, №2146, 608-бет.
8. Ибид, «Муслим», 2-том, №2328, 1814-бет
9. "... андан кийин аларды жазалагыла (*идрибухунна*); жана эгер ушундан соң алар сага көңүл бурушса, аларга зыян келтирүүнү изденбегиле» (4:34), аль-Табари, Абу Джаъфар Мухаммад ибн Жариир (310 ө.ж.), Жамииъ аль-Байаан фии Тафсиир аль-Кураан (аль-Табаринин Куран тафсири), (Бейрут: Даар Лубнаан), 4, №5, 40-44-бб.; Аль-Куммии ан-Нисаабуури, Мухаммад ибн Хусейн, Тафсиир Гарааъиб ал-Кур'аан уа Рагааи'б аль-Фуркан (Курандын керемет жана таң калыштуу окуяларын чечмелөө) ат-Табаринин шилтемелеринде каралган.
10. «Эркектин коргоочу болуусу» эркек үчүн аялына карата жөлөк жана таяныч болуу жоопкерчилигин алуу маанисинде келет, Тахзииб Лисаан аль-Араб, Ибн Мансуур. «Үй-бүлөсүн камсыз кылуучу» – үй-бүлөлүк иштерге жооптуу, Мухтаар аль-Сихаах (Mukhtar al-Sihah). «Коргоочу/кам көрүүчү» (коййим) – жооптуу, аль-Муъжам аль-Васит (Al-Mujam al-Wasit). Каууаам (көпт. түрү каууаамиин) – аткарууга жөндөмдүү адам, аль-Мунжид фии аль-Луга уа аль-Аълаам, 1997. Эгер *кауаама* (qawamah) үй-бүлөнү колдоону, камкор болууну, камсыз кылууну жана ал үчүн жоопкерчиликти алууну билдирсе, анда эркек (күйөө) ушундай кылуу менен бирге ал маанилүү милдетти аткарып жаткандыгын моюнга алуу керек. Бул үй-бүлөнүн бакубат жашоосу үчүн зарыл. Ошондой эле, бул өз кезегинде аялга (эне катары) өзүн арнап, балдарын туура тарбиялоодо жардам берет. Бул Жараткандын «эркекке» тынымсыз иштөө жөндөмүн бергенинин жана ага үй-бүлө башчылыгын ишенип тапшырганынын маанилүү себеби болушу мүмкүн. Демек, үй-бүлөнүн иштери жана милдеттери эркектин үй-бүлөсүнө (аялына жана балдарына) берилгендигин камсыз кылган жол аркылуу күйөө менен аялдын ортосунда бөлүштүрүлгөн. Буга бирден-бир

альтернатива – үй-бүлөлүк институттун бузулушу, анын натыйжасында эненин (аялдын) жана баланын материалдык жана эмоционалдык жактан азап чегиши, айрыкча, мындай нерсе балдардын адамдык кадыр-баркына чоң зыян келтирет. Мындай учурлардын мисалдарын үй-бүлө бузулган жана толук эмес үй-бүлөлөрдүн болушу жалпы көрүнүш болгон коомдордон байкаса болот.

Үй-бүлөлүк институттун ичинде эркек менен аялдын аларга жүктөлгөн ролдорун башка тармактарга автоматтык түрдө которуу туура эмес, башкача айтканда, ал тармактарда ролдорду бөлүштүрүүдө инсандардын жынысына эмес, тескерисинче, жөндөмдөрүнө, көндүмдөрүнө жана квалификацияларына көңүл бурулат. Бирок аял (эне) өз жоопкерчилигинен тышкары, башка милдеттерди мойнуна алганда, мындай милдеттер анын эне катары ордуна жана тубаса алдын-ала божомолдонгон ролуна терс таасирин тийгизбеши керек. Анын аткара турган мындай ролу болбосо адамзатка чоң таасир тийгизерин түшүнүү бирдей маанилүү.

11. Көңүл буруууга арзый турган нерсе, Курандын Хул (khul‘- бөлүнүү) аяты: (... боштондук алуу үчүн бир нерседен баш тартса, экөөнө тең күнөө жок...) (2:229), мындай ордун толтуруунун баасын көрсөтпөйт. Бирок, пайгамбарлык салтта нике каршы бере турган нерсе күйөөсүнөн алган септин баасынан ашпашы керек деп чектөө койулат: «Анын багын ага [күйөөсүнө] кайтарып бересиңби?», бирок андан башка ага эч нерсе жок. Ар кандай кошумча нарkка жол берүү, аялынын байлыгына көз арткан күйөөнү аялынын же анын үй-бүлөсүнүн байлыгын алуу үчүн аялына жаман мамиле кылууга түртүшү жана кайгы-кападан кутулуу үчүн аялы бир нерсе берип кутулат деген ой күйөөсүн дагы да шыктандырышы мүмкүн. Мындай жылчык үй-бүлөнүн кыйрашына же бузулушуна алып келип коёт. Ошондуктан, мындай жылчыктын болбоосу абзел, ал нерсе жабылышы керек.

12. Ибн Касир *кауааманы* (камкордук) чечмелөөдө аль-Хасан аль-Басрийдин риваятына таянып, бул аяттын түшүшүнүн себебин айтат: «... бир аял пайгамбарыбыздын (с.а.в.) алдына келип, күйөөсү аны бетке чаап жибергенин айтат; анан пайгамбарыбыз (с.а.в.): «Өч ал» – дейт. Андан кийин Алла Таала мындай вахий түшүрөт: «Эркектер аялдарды коргоочу жана кайтаруучу», жана ушул себептен улам аял өч алуудан баш тарткан болот. Дагы бир риваятта пайгамбарыбыз (с.а.в.) мындай дейт: «Биз бир нерсени кааладык, бирок Аллах башка нерсени каалады жана Аллах каалаган нерсе эң жакшы». Бирок бул хадис анык эмес деп эсептелет; анткени ал кабыл алынган хадистердин шилтемелеринин биринде да табылган эмес. Эгерде мындай хадис болгон болсо дагы, ал чапканды мыйзамдаштырбайт. Бул жөн гана физикалык ырайымсыздык же жубайлардын ортосунда уруп-сабоо болгон учурда, өч алуу чарасы болбошу керек, анткени мындай каражат маселени дагы да татаалдаштырып, ажырашууга алып барат. Пайгамбарыбыз ар кандай физикалык чараларды колдонууларга каршы турууда абдан так болгон. Эгерде жубайлар үчүн жашоо чыдагыс болуп калса жана физикалык жактан оорчулук жаратуу кылмыш иш-аракеттерине айланып кете электе алар жана алардын балдары өзүнчө болуусу же жакшы шартта

ажырашып кетүүлөрү жакшыраак. Бардык тараптардын, айрыкча, балдардын кызыкчылыктары жана бакубатчылыгы сакталышы керек.

13. Ат-Табарии, ан-Ниисаабуури, ибид,4, №5, 40-44 бб. «Зыянсыз физикалык чаралар» деген сөз жубайлардын ортосундагы келишпестик жана жаман көрүү контекстте пайда болгон деп белгилеген ат-Табариден айырмаланып, бул ойноштук контекстинде пайда болуп, метафоралык мааниде аны «жактырбаган адамды төшөгүнө киргизүү» деп келет. Бул чындыгында эле кадыр-баркка жана үй-бүлөлүк ишенимге таасир этип, үй-бүлөлүк мамилелердин өзөгүн бузган маселе. Жубайлар жана үй-бүлө мүчөлөрү үчүн бул маселени коомчулукка жарыялоо кыйын жана оор. Бул учурда деструктивдүү бөлүнүү эки партиянын тышкы үй-бүлөлөрүнө жана анын чегине чейин жайылтылат. Ошентип, сот социологдору бул маселени кылдаттык менен изилдеп, тийиштүү тараптарга, анын ичинде бийлиги барларга дагы ушундай сезимтал маселеде жардам берүү үчүн сунуштарды бериши керек.

Ошондой эле, «зыян жеткирбей уруу» пайгамбарыбыздын (с.а.в.) акыркы (коштошуу) ажылыгында айтылган хадистеринде орун алгандыгын белгилей кетүү маанилүү. Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) чындыгында эмнени айткысы келгенин түшүнүү үчүн, ошол риваяттарды тиешелүү Куран окууларынын негизинде карап чыгып, хадис риваятчыларын түшүнбөстүккө алып келе турган карама-каршылыктарды баса белгилөө зарыл.

Оозеки риваяттарды документтештирүүдө, айрыкча, хадистин түп нускасына баяндаган адамдын түшүндүрүү иретинде айтылган сөздөрү аралашып кеткендигине далилдер болсо, аны жакшылап карап чыгуу керек. Буга ачык мисал – Имам Ахмаддын баяндамасы (Муснад, хадис №.19774), анда түшүндүрмө мүнөзүндөгү же хадисти Куран сөздөрүнө байланыштыруу максатында айтылган баяндоочунун акылына келген сөздөр менен сөз айкалыштары камтылат. Бул нерсеге мисал: «Жана алардын жаман ниетинен корксоңор». Мындай сөздөр жана сөз айкалыштары Мухаммед пайгамбардын (с.а.в.) эл алдында сүйлөгөн сөзүндө орун алганы таң калыштуу, бирок алар хадистин башка риваяттарында кездешпейт. Ушуга карабастан, бул риваят, ушул хадистин башка риваяттары сыяктуу эле, «жакпаган адамды төшөгүнө киргизүү» жөнүндө сөз кылганын жана бул нерсе келишпестик менен жаман ниетти чечүү *кауаама* аятында айтылган (атап айтканда: кеңеш, жыныстык катнаштан жана физикалык жаза берүүдөн карманууу) Курандын көргөзмөлөрүнө дал келбей тургандыгын белгилей кетүү керек. Бул риваяттар ойноштук маселесин камтыйт (башка риваяттарда фаахиша-мубаййинах деп аталат), ага өзгөчө жаза каралган, Имам Ахмаддын риваятында болсо (ойноштук) метафоралык түрдө «жакпаган адамды төшөгүнө киргизүү» деп келет. Мындан тышкары, ал жазалоо чаралары жөнүндө гана сөз кылат мис.: «сабоо», ошондой эле анын мүнөзү талкууланат, андан соң ал «зыянсыз сабоо» деп мүнөздөлөт, өч алуу үчүн эмес, тарбиялоо максатында.

14. Чындыгында, Курандагы дигз (dighth) сөз айкалышынын сөзмө-сөз мааниси көптөгөн жумшак жалбырактардын сабактары деп чечмеленет. Адам-

затка ырайымдуулукту берген Кудай, узакка созулган катуу ооруга жана кыйынчылыктарга дуушар Аюб пайгамбарга (а.с.) аялынын тил албастыгы үчүн жүз жалбырактуу сабак менен эч кандай жаракат келтирбестен, оорутпастан жана маскаралабай жазалоону буйруйт.

15. Курандын текстинде физикалык жазаны белгилөө үчүн *дараба* идиомасы колдонулбаганы таң калыштуу. Тескерисинче, *жалада* (jalada) деген идиома колдонулат (уруп-сабоо, камчы менен уруу ж.б.): «Ойноштукка же бузукулукка күнөөлүү аял жана эркекке, алардын ар бирине жүздөн; Кудайга жана акырет күнүнө ишенсеңер, анда Кудай белгилеген иште аларга боорукердик кылбагыла; момундардын тобу алардын жазаланышына күбө болушсун» (24:2).

16. Сүннөттөгү бул окуянын толук чоо-жайын, мисалы: Сахих аль-Бухари, №5395; Сахих Муслим, №2704; Сунан ат-Тирмизи, №.3240; Муснад аль-Имам Ахмад, №24588 көрсөңүз болот.

Куранда бири-бири менен боорукердиктин негизинде жашоо, аял менен күйөөнүн ортосунда сүйүүнүн, өз ара кеңешүүнүн болушу тууралуу айтылат. Ошондой эле, Куранда ортодогу абалдын бузулган учурларына дагы кайрылат. Бул эмгек аялдардын көз карашын жана үй-бүлөлүк ынтымакка болгон муктаждыкты эске алып, аларга терең, аяр мамиле жасоо менен, үй-бүлөлүк келишпестик маселесин карап чыгат. Куранды боштондук берүү эмес, аялдарды жек көрүүнү тартуулайт деген көз караашты карманган сынчыларды сынга алуу менен, бул макала Куран текстиндеги үй-бүлөлүк келишпестик маселесин чечүү үчүн альтернативдүү чечмелөө киргизип, ислам укугунун жогорку максаттарына, көздөгөндөрүнө (*Макасид аш-Шари'а*) негизделген ыкманы талкуулайт.

АБДУЛХАМИД АБУ СУЛАЙМАН

Абдулхамид Абу Сулайман – АКШнын Ислам ойлору Эл аралык институтунун (IIIT) Президенти; Балдарды өнүктүрүү фондунун президенти, АКШ жана Малайзиядагы Эл аралык Ислам Университетинин экс ректору. Ошондой эле, ал үммөттү реформалоо боюнча көптөгөн макалалардын жана китептердин автору, анын ичинде: Эл аралык мамилелердин исламдык теориясы: «Исламдык методологиянын жана ой жүгүртүүнүн жаңы багыттары», «Мусулман аң сезиминин кризиси жана ислам экономикалык теориясы: философия жана замандап каражаттар».